«БЕКИТЕМИН»
К.Ш. Токтомаматов атындагы
Эл аралык университетинин ректору,
экономика илимдеринин доктору, доцент
______________________Кантороева А.
"28" ____апрель____ 2025-ж.

**К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин «Экономика жана финансы» кафедрасынын 2025-жылдын 28-апрелиндеги өткөрүлгөн кеңейтилген кеңешмесинин № 5 -**

**П Р О Т О К О Л У Н А Н К Ө Ч Ү Р М Ө**

Кеңешменин төрагасы, э.и.к., доцент: Токтомаматова Н.К.
Кеңешменин катчысы, э.и.к., доцент: Ажиматова Н.М.

**Катышкандар:** э.и.д., доц. Кантороева А. (08.00.05), э.и.д., проф. Маткеримова А.М. (08.00.12), э.и.д., доц. Абдиев М.Ж. (08.00.05), э.и.д., доц. Карбекова А.Б. (08.00.05), экономика илимдеринин кандидаттары, доценттер: Токтомаматова Н.К., Атаканов Б.К., Сулайманова Д.К., Пулатова Г.Т., Сартбаева Г.П., Торогелдиева А.Б., Ажиматова Н.М., Жанузаков Б.Ш., Хамрабаев А.А., Мамытов Т.Т., Баимбетов Н.Ж., Кокуева Э.С., Ганыбаева У.Г., Кадырбекова Ч.К., п.и.к., доцент Омошев Т.Т., ЭАУнун доценттери: Сыдыкова Г.С., Кудайбердиева Ж.А., ага окутуучулар: Калбаева Р.Д., Карагулова А.И., Сариева Н.Т., окутуучулар: Мамыркулова Д.Р., Токтоматова Д.К., Тыныбекова Г.Т.

**Баардыгы катышкандар** 27, добуш берүүчүлөр 17, анын ичинен экономика илимдеринин докторлору 4, экономика илимдеринин кандидаттары 14.

**Күн тартибинде:**

К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин «Экономика жана финансы» кафедрасынын аспиранты Шатманова Айжамал Суйналиевнанын 08.00.06 – Улуттук жана региондук экономика адистиги боюнча кандидаттык илимий даражасын изденип алуу үчүн сунушталган "Айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)" деген аталыштагы кандидаттык ишин талкуулоо.

***Угулду***: Күн тартиби боюнча алгач кеңешменин төрагасы э.и.к., доц. Н.К.Токтомаматова кеңешмени ачып берүү менен бирге катышуучуларды каралуучу күн тартибиндеги маселе менен тааныштырды. Кеңешменин катчысы Ажиматова Н.М. изденүүчүнүн өмүр таржымалы менен тааныштырып А.С.Шатманова К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин «Экономика жана финансы» кафедрасында "Айыл-чарба

продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)” деген темада кандидаттык диссертациясынын темасы 2022-жылы 26-апрелинде № 4-протокол менен бекитилип, илимий жетекчиси катары э.и.д., доцент М.Ж.Абдиев (Ош ТУнун “Бухгалтердик эсеп жана аудит” каф.профессору) дайындалган.

**Кандидаттык иштин рецензенттери:**

Карбекова Азиза Баймаматовна, экономика илимдеринин доктору, Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун “Экономика, эсеп жана финансы” каф.профессору, э.и.д;

Сартбаева Гульназ, экономика илимдеринин кандидаты, доцент, К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин «Экономика жана финансы» кафедрасынын доценти.

Андан соң А.С. Шатманова кандидаттык диссертациясынын негизги жыйынтыктары боюнча баяндама жасады. Баяндамада изилденүүчү теманын актуалдуулугу, теманын өлкөдөгү негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы, изилдөөнүн максаты жана негизги илимий жаңылыктары айтылып, алынган жыйынтыктардын экономикалык жана тажрыйбалык маанилүүлүгү мүнөздөлдү. Диссертациялык иштин түзүлүшү, бөлүмдөрү жана анын мазмуну боюнча кыскача токтолуп өттү.

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Заманбап шарттарда экономиканын өнүгүшүндөгү маанилүү звенолор болуп, экономикалык субъекттердин ортосунда пайда болгон мамилелер саналат. Алардын көпчүлүгүндө кыймылдаткыч күч басымдуулук кылат - бул рынокту, рыноктук чөйрөнү жана рынок мамилелерин калыптандырган мүлктүк мамилелер, атаандаштык, суроо-талап жана сунуш.

Рынок мамилелеринин эволюциясы, товар өндүрүүчүлөрдүн рынокто өз ордун табууга, өндүрүшүнүн масштабын кеңейтүүгө жана максималдуу пайда алууга мүмкүнчүлүк берген ресурстар үчүн күрөшүнүн күчөшү менен ажырагыс байланышта болот. Бүгүнкү кезде атаандаштыктын деңгээли тынымсыз өсүүдө, рыноктун катышуучулары атаандаштарынан артыкчылыкка ээ болуунун ар кандай жолдорун издөөгө, атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун жолдорун табууга аргасыз болушууда.

Рыноктук чөйрө ар бир катышуучуга жогорку талаптарды коет, бирок ал ишкердик субъекттерин өз продукциялары же кызматтары менен текшерип гана тим болбостон, алардын ишмердүүлүгүнүн акыркы натыйжаларынын сапаттык жана сандык мүнөздөмөлөрүн дайыма өркүндөтүүгө аргасыз кылат.

Талаптарга жооп берүү, туура багыттоо жана туура чечимдерди табуу үчүн рыноктун катышуучулары жана чарбалык субъекттери кайсы абалда экендигин билиши керек. Чарбалык субъекттин тышкы жана ички чөйрөсүнүн абалын так талдоосуз, ал кандай гана деңгээлде болбосун, анын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу мүмкүн эмес жана бул процесс үзгүлтүксүз жана туруктуу болушу керек.

Бул катарда интеграциялык түзүмдөр маанилүү ролду ойношу мүмкүн, анын негизинде чарбалык субъекттердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу, инновациялардын өнүгүшүн тездетүү, уюштуруучулук-өндүрүштүк базасын жаңылоо, агроөнөр жай өндүрүшүнө кошумча финансылык ресурстарды тартуу менен бүтүндөй айыл чарба тармагында ыңгайлуу инвестициялык климатты түзүүгө көмөктөшөт.

Учурда дүйнөлүк практикада атаандаштык жөндөмдүүлүк жана улуттук экономиканы дүйнөлүк коомчулукка интеграциялоо маселелерине чоң көңүл бөлүнө баштады. Ар бир өлкөнүн позициясы түздөн-түз анын экономикасынын, тармактарынын, ишканаларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнөн көз каранды болууда жана анын азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу зарылдыгы, калктын тамак-аш азыктары менен канааттандыруу жана агрардык өндүрүштүн экономикалык натыйжалуулугу Кыргыз Республикасынын (КР) айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн көтөрүү механизмин өркүндөтүү маселесин биринчи орунга коет. Айыл-чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгү экологиялык сапаттуу натыйжалуу жана ресурстук сакталуучу техника жана технологиялар, эл аралык сапатка туура келген айыл чарба продукцияларын өндүрүүгө негизделиши керек.

КРда рынок мамилелеринин калыптанышы жана импорттук товарлардын ата мекендик рынокто орун алуусу атаандаштыкты күчөттү жана айыл чарба продукцияларын өндүрүү жана сатууну уюштурууга талаптарды жогорулатты. Атаандаштык күчөгөн шарттарында айыл чарба продукцияларын натыйжалуу башкаруу жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу көйгөйү кескин курчуду.

Учурда КРда айыл чарба продукцияларынын өндүрүшү толук кандуу кубаттуулукта иштебей, айыл чарба продукцияларынын 10-15% ы гана кайра иштетилет. Ошону менен бирге КРдин калкынын 65%ы айыл жергесинде жайгашып, бардык эмгектенгендердин санынын 34%ы же калктын жалпы калкынын 14%ы айыл чарбасында алектенишет. Демек,. айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн жана кайра иштетүүнүн өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, экспорттук потенциалын көтөрүү резервдери бар.

Жогоруда айтылып кеткендерден улам, мындай жагдайдын келип чыгышы айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун али толук калыптана электигине дагы тыгыз байланыштуу.

Мындан улам, диссертациялык иште буга чейинки изилденген иштердин, жарык көргөн теориялык, илимий жана практикалык эмгектердин нугунда айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга жетишүүгө көмөктөшүүчү иштиктүү жаңы багыттарды жана ыкмаларды жакшыртуу талап кылынууда. Ушундай тез арада чечүүнү талап кылуучу, орчундуу жагдайдын келип чыгышы диссертациялык ишти иликтөө актуалдуу экендигин бекемдеп жана бул теманы тандоого түрткү болду.

**Тематиканын иштелип чыгуу деңгээли**. Айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу жана бул багытта кездешкен маселелердин иштелип чыгышы бир катар чет өлкөлүк жана ата мекендик окумуштуулардын илимий эмгектеринде каралган. Жалпы

атаандаштык жана атаандаштык жөндөмдүүлүк маселелеринин көйгөйлөрү экономикалык теориянын классиктери К. Маркс, Ф. Энгельс, Р.Кемпбелл, К.Р.Макконелл, П. Самуэльсон , А. Смит, Д. Рикардо, Дж. Кейнс, А. Маршалл, С. Т. Брю ж.б. эмгектеринде чагылдырылып, бул багытта олуттуу салымдарын кошушкан. Агро-өнөр жайы өндүрүшүнүн, анын ичинде эт жана эт продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн КМШ өлкөлөрүндө өнүгүү көйгөйлөрү Г.Л.Азоев, А.И. Бондаренко, Н.Н. Брагин, В.А. Быков, Р. Герасимов, Н.Я. Коваленко, М.М. Лобанов, Ш.Ш.Магомедов, В. П. Соколов, Р. А. Фатхутдинов, Р.Е.Мансуров, Д.С.Неуймин, И.У.Зулькарнаев, С. Ферова, А. Ю. Юданов, М. Гельвановский, И. Г.Ушачев, Т.И. Есполов, С.Б.Ахметжанова, В.С. Винниченко ж.б. эмгектеринде андан ары тереңдетилип изилденген.

Кыргызстанда бул багыттагы маселелерди изилдөөдө жана алардын чечилишине окумуштуу-экономисттер Т. К. Койчуев, А. У. Орузбаев, Ш. М Мусакожоев, Т. К. Камчыбеков, К. А. Атышов, Дж. С. Джаилов, Ж. Жумабаев, Б. А. Токсобаева, А. А. Асанова, П.К.Купуев, А. З. Закиров, С.А.Омурзаков, А. З. Зулпукаров ж.б. белгилүү салымдарын кошушкан. Айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга байланышкан айрым теориялык жана методологиялык багыттагы маселелердин рынок экономикасына ылайык тиешелүү деңгээлде изилдөөдөгү кемчиликтер, айыл чарба продукцияларын керектөөчүлөргө жеткирүүдөгү өндүрүү, кайра иштетүү жана анын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуудагы өз ара аракеттерди экономикалык нукта негиздөө жана натыйжалуу жолдорун иштеп чыгуу аркылуу өлкөнүн калкын азык-түлүк менен камсыздоо көйгөйлөрү бул теманы изилдөөнү аныктады

**Диссертациялык иштин темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүүчү негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын экономикалык өнүгүүсүн инновациялык модернизациялоонун 2035-жылга чейинки концепциясынын, “КРнын айыл чарбасынын өнүгүшү жөнүндө» мыйзамдарынын, КРнын 2018-2040-жж. туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясынын, КРнын Айыл чарбасын 2021-2025-жылдарда өнүктүрүү стратегиясынын о.э. башка илимий-изилдөө иштеринин жана мамлекеттик программалардын алкагында аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты**. Диссертациялык иштин максаты болуп экономикалык алакалашуу шарттарында региондун айыл-чарбасынын продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну өркүндөтүүнүн экономикалык шарттарын изилдөө, аны башкарууну жөнгө салуунун жана келечектүү багыттарын аныктоонун негизинде теориялык-методологиялык жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу эсептелет.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** катары экономикалык алакалашуу шарттарында региондун айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу механизмин өркүндөтүүдө

теориялык, методикалык жана практикалык жактан сунуштарды иштеп чыгуу эсептелет.

**Изилденген иштин негизги илимий жыйынтыгы төмөнкүлөр:**

- Айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн экономикалык мазмунуна жана маанисине тактоо киргизилди;
- аймактын айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу тутумундагы интегралдык түзүмдүн ролу аныкталды;
- айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоонун методикасы иштелип чыкты жана ага таасир этүүчү сырткы жана ички факторлор сунушталды;
- эт жана эт продукцияларынын мисалында айыл чарба продукцияларын өндүрүү, кайра иштетүү жана сатууну анализдөө жана баалоо аркылуу атаандаштыкты жогорулатуунун резервдери аныкталды;
- аймактын айыл чарба продукцияларын өндүрүүчү чарбалык субъектилердин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун уюштуруу-экономикалык механизми иштелип чыкты;
- айыл чарба продукцияларын өндүрүү, кайра иштетүү жана сатууну интеграциялоо жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн айыл-чарба кооперациясынын модели сунушталды;
- аймактын айыл чарба продукцияларын кайра иштетүүчү ишканалары үчүн атаандаштык жөндөмдүүлүктү башкаруу тутумун иштелип чыкты, экономикалык-математикалык ыкмаларды колдонуу менен Ош облусунун айыл чарба продукцияларын өндүрүү жана сатуунун 2030-жылга чейинки прогнозу сунушталды.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү.**

Изилдөөнүн жыйынтыктарын практикалык колдонуу жагы КРнын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү (2024-жылдын 15-иайындагы акт), Ош облусунун Кара-Суу районундагы “Таширов” атындагы өндүрүштүк-үрөөнчүлүк кооперативи (2025-жылдын 13-февралындагы акт) тарабынан берилген актылар менен тастыкталган.

Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча, айыл чарбалык, кайра иштетүүчү жана тейлөөчү ишканалардын ортосундагы экономикалык өз ара мамилелерди жакшыртуу боюнча көрсөтмөлөр КРдин Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүндө «Ош облусунун 2019-2025-жылдарга карата экономикалык өнүгүүсүнүн стратегиясын” түзүүдө колдонулду. Изилдөө натыйжалары Ош облусунда жана башка аймактарда айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну өнүктүрүүнүн приоритеттүү багыттарын аныктап, талдоодо колдонууну кенейтет. Изилдөөнүн кээ бир аспектилери илимий-изилдөө жумуштарында жана жогорку окуу жайлардын окуу процессинде «Айыл-чарбасынын экономикасы», “Ишкердиктин экономикасы” жана “Маркетинг” предметтеринде колдонсо болот.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык маанилүүлүгү:**

Диссертациядагы алынган илимий жыйынтыктар, теориялык жана практикалык сунуштар айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун негизги жоболорун тактайт жана толуктайт.

Изилдөөдө алынган илимий натыйжаларды жүзөгө ашырууну, келечекте өндүрүштү башкарууну терендетүүдөгү инфраструктуранын өнүктүрүүгө багытталган инвестицияларды тартууда жана интеграциялык долбоорлорду ишке ашырууда колдонсо болот.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**. Экономикалык алакалашуу шарттарында региондун айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн аныктоонун теориялык жана практикалык жолдору жалпыланды. Теориялык жалпылоо жана комплекстүү анализдин негизинде атаандаштык жөндөмдүүлүктү жогорулатуу жолдору иштелип чыкты, айыл чарба продукцияларын өндүрүү жана сатуудагы катышуучулардын интеграциясын жакшыртуу, аймакта сатуу ишмердүүлүгүн өркүндөтүү максатында заманбап талаптарга жооп бере турган айыл-чарба кооперативдерин түзүү сунушталды.

Изилдөөчү Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүндө «2025-жылга чейин Ош облусунун кайра иштетүү секторун өнүктүрүүнүн жана атаандаштыгын жогорулатуунун региондук маселелери» аттуу темадагы илимий долбоорду даярдоого катышкан.

**Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы жана апробациялоо.** Диссертациялык ишти даярдоонун жүрүшүндө түрдүү илимий журналдарга 10 дон ашык илимий макалалар чыгарылган жана анын жалпы көлөмү 6,0 басма табакты түзгөн. Автордун диссертациялык изилдөөсүнүн негизинде чыгарылган жыйынтыктары бир катар эл аралык, республикалык жана аймактык илимий-практикалык конференцияларда баяндоолор жасалган.

Жарыяланган материалдар диссертациялык изилдөөнү толугу менен чагылдырат.

Диссертациялык иштин илимий натыйжаларды жүзөгө ашыруу жөнүндө КРнын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын актысы менен бекитилгени күбөлөндүрөт.

**Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы жана апробациялоо.** Диссертациялык ишти даярдоонун жүрүшүндө түрдүү илимий журналдарга 10 дон ашык илимий макалалар чыгарылган жана анын жалпы көлөмү 6,0 басма табакты түзгөн. Автордун диссертациялык изилдөөсүнүн негизинде чыгарылган жыйынтыктары бир катар эл аралык, республикалык жана аймактык илимий-практикалык конференцияларда баяндоолор жасалган.

Жарыяланган материалдар диссертациялык изилдөөнү толугу менен чагылдырат.

Диссертациялык иштин илимий натыйжаларды жүзөгө ашыруу жөнүндө КРнын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын актысы менен бекитилгени күбөлөндүрөт.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүнү, 3 бөлүмдү, корутундуну жана колдонулган илимий адабияттарды камтыйт. Диссертациялык иш 153 бет компьютердик тексттен, 18 таблицадан, 13 сүрөттөн жана 148 аталыштагы пайдаланылган адабияттардан турат.

Илимий баяндамадан кийин изденүүчүгө бир катар суроолор берилип ага өз убагында канааттандыраарлык жооптор алынды.

1. Маткеримова А.М., э.и.д, профессор:

а). Сиздин илимий ишиңизде теорияга кошкон салымыңыз кандай?

б). Этти кайра иштетүүчү субъекттер менен сырьелук этти өндүрүүчүлөрдүн интеграциясы кандай артыкчылыктарга ээ?

**Жооптор**:

а). Экономикалык алакалашуу шарттарында региондун айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу механизмин өркүндөтүүдө теориялык, методикалык жана практикалык жактан сунуштарды иштеп чыгуу менен айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн экономикалык мазмунуна жана маанисине тактоо киргизилди; аймактын айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу тутумундагы интегралдык түзүмдүн ролу аныкталды; айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоонун методикасы иштелип чыкты жана ага таасир этүүчү сырткы жана ички факторлор сунушталды.

б) Этти кайра иштетүүчү субъекттер менен сырьелук этти өндүрүүчүлөрдүн интеграциясы бир канча артыкчылыктарга ээ:

- ортомчулук мүнөзгө ээ алып сатарлардын кошумча наркты кошуусун жок кылат;
- ишкердүүлүктүн субъектилери тарабынан рынокто монополизациялоону жок кылып, атаандаштык шартында жогорку деңгээлде коргоого ээ;
- өндүрүштөгү шарттар жана калктын керектөө мүнөзүнө жараша төмөндөн жогору карай агроөнөржайлык интеграциянын вертикалын түзөт;
- өздөрүнүн катышуучуларынын түзүмүнө оптималдуу жакындоо менен талап жана сунуштун өзгөрүшүнөийкемдүү таасир тийгизет;
- өндүрүмгө дайыма талаптын болуусун камсыздоо менен эт өндүрүүчүлөрдүн кызыкчылыгын арттырат да, айыл жерлеринде социалдык жана экономикалык көйгөйлөрдүн жок болуусун шарттайт.

2. Атаканов Б.К., э.и.к., доцент:

а) Асыл тукум чарбаларды өнүктүрүүдө кандай мамлекеттик колдоо механизмин сунуштадыңыз?

б) Мал чарбачылыгынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн кандай иш-чараларды сунуштадыңыз?

**Жооптор**:

а) Асыл тукум чарбаларды өнүктүрүүдө биз томонку мамлекеттик колдоо механизмин сунуштадык:

- мал чарбасына инвестицияларды тартуу;
- сатылып жаткан асыл тукум малдын сапатын жакшыртуу;

- айыл чарба өндүрүүчүлөрүнө үйүрдөгү асылдуулугу төмөн малды алмаштырууга жана асыл тукум малдын үлүшүн көбөйтүү;

- сатып алуучуларга керектүү сапаттагы асыл тукум өндүрүмүн сатып алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу;

- мал чарбасын өнүктүрүүгө бөлүнгөн субсидияларды натыйжалуу пайдалануу.

б) Изилдөөнүн негизинде мал чарбачылыгынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатууда төмөнкү иш-чараларды сунуштадык:

- Мамлекет тарабынан ири ассоциация, кооперативдер, коллективдик чарбаларды түзүүнү жөнгө салуу менен асыл тукумдуу малдарды, үй канаттууларын багып өстүрүү;

- Ветеринардык-санитардык кызмат көрсөтүүнү жакшыртуу;

- Жайыт пайдалануу көйгөйлөрүн чечүү;

- Тоюттар, малдар, айыл чарба техникаларын сатып алууда женилдетилген насыя, лизингжана субсидиялоо тутумун уюштуруу;

- мал чарбасынын өндүрүмдөрүн сатып алууда инфраструктура түзүмдөрүнүн ачык-айкын тутумун калыптандыруу;

- Мал чарбачылыгынын сырьелорун өндүрүү жана аларды кайра иштетүүнү мыйзамдаштыруу боюнча мамлекеттик программаларды иштеп чыгуу;

- Уй, койлорду жасалма жол аркылуу уруктандыруу пункттарын түзүү;

- Тоют базаларын чыңдоо жана кайра иштетүүчусубъекттерге жеткизүүдө транспорттук чыгымдарды азайтууну аткаруу.

3. Жанузаков Б.Ш., э.и.к., доцент:

а) Айыл чарбасында атаандаштык жөндөмдүүлүккө тосколдук кылуучу негизги факторлор кайсылар?

б) Айыл чарбасында кластерди тузуунун артыкчылыгы эмнеде?

**Жооптор**:

а) Изилдөөнүн негизинде айыл чарбасында атаандаштык жөндөмдүүлүккө тосколдук кылуучу негизги факторлорго томонкулорду белгиледик:

- өздүк каражаттардын жетишпестиги;
- мамлекеттик колдоонун төмөнкү деңгээли;
- айыл чарба ишканаларынын төмөнкү инновациялык потенциалы;
- өзүн актоонун узак мөөнөттүүлүгү;
- жаңылык киргизүүлөрдүн жогорку наркы;
- технологиялар рыногунун жок болуусу.

б) Өлкөнүн экономикасында кластерлер түзүлгөндө анын эл аралык атаандаштык жөндөмдүүлүгү көбөйөт. Кластерди түзүүдө ага кирүүчү бардык өндүрүштөр бири-бирин колдойт жана байланыштардын бардык багыттары боюнча кызыкчылык жогорулайт. Башка тармактын кластерге кирүүчү жаңы өндүрүүчүлөрү анын инновациялык өнүгүүсүн тездетет.

4. Баимбетов Н.Ж., э.и.к., доцент:

а) Кыргызстандын Евразия экономикалык биримдигине кириши боюнча сиздин оюңуз кандай?

**Жооптор**:

а) Евразиялык экономикалык биримдигине Кыргызстандын кирүүсү өлкөнүн экономикасынын өсүшүнө шарт түзүп, байланыштарды күчөтөт. Соода логистикалык борборлор, транспорттук логистика багытындагы жумуштар, чек аралардагы ветеринардык, фитосанитардык көзөмөл пункттары жана продукциянын сапатын сертификациялоо боюнча лабораториялар ишке кире баштады. Ошондой эле ири айыл-чарба кооперативдерин түзүү жана майда продукция өндүрүүчүлөрдү бириктирүү майда товардуулуктан арылтат. Биринчи кезекте экспортко товар чыгарууда продукциянын сапаты жана экспорттолуучу товардын көлөмүнүн чоң болушу талап кылынууда. Кыргызстандын Евразия экономикалык биримдигине кириши туура деп ойлоймун.

5. Сулайманова Д.К., э.и.к., доцент:

а) Кыргызстанда ушул багытта изилденген эмгектерден сиздин эмгегиңиздин айырмасы кандай?

б) Изилдөөнүн негизинде алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгүн айтып бересизби?.

**Жооптор**:

а) Кыргызстанда айыл чарбасынын инновациялык өнүгүү аспектинде кездешкен көйгөйлөр түрдүү аспектилерде ата-мекендик экономисттер тарабынан изилденип келе жатат. Айтсак Кыргызстанда бул багыттагы маселелерди изилдөөдө жана алардын чечилишине окумуштуу-экономисттер Т.К. Койчуев, А.У. Орузбаев, Ш. М. Мусакожоев, Т. К. Камчыбеков, К. А. Атышов, Дж. С. Джаилов, Ж. Жумабаев, Б. А. Токсобаева, А. А. Асанова, П.К.Купуев, А. З. Закиров, С.А.Омурзаков, А. З. Зулпукаров ж.б. белгилүү салымдарын кошушкан. Биздин иликтөөлөрдө экономикалык алакалашуу шарттарында региондун айыл-чарбасынын продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну өркүндөтүүнүн экономикалык шарттарын изилдөө, аны башкарууну жөнгө салуунун жана келечектүү багыттарын аныктоонун негизинде теориялык-методологиялык жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу эсептелет.

б) Изилдөөнүн жыйынтыктарын практикалык колдонуу жагы КРдин Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү, Ош облусунун Кара-Суу районундагы Таширов атындагы өндүрүштүк-үрөөнчүлүк кооперативи тарабынан берилген актылар менен тастыкталган.

Изилдөө натыйжалары Ош облусунда жана башка аймактарда айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну өнүктүрүүнүн приоритеттүү багыттарын аныктап, талдоодо колдонууну кенейтет. Изилдөөнүн кээ бир аспектилери илимий-изилдөө жумуштарында жана жогорку окуу жайлардын окуу процессинде «Айыл-чарбасынын экономикасы», “Ишкердиктин экономикасы” жана “Маркетинг” предметтеринде колдонсо болот.

6. Кадырбекова Ч.К., э.и.к., доцент:

а) Кыргызстандын кайсы аймактарында жана кандай ири аймактык агрокластерлерди түзсө болот?

**Жооптор**:

а) Айыл чарба өндүрүшүн терең зоналык адистештирүүнүн негизинде келечекте аймактарда ири аймактык агрокластерлерди түзсө болот. Республиканын түштүгүндө пахта-текстиль жана мөмө-жемиш агрокластерлери, Чүй, Ысык-Көл, Нарын жана Талас облустарында – кант-кызылча, сүт, эт жана дан азыктары агрокластерлерин тузсо болот.

7. Ажиматова Н.М., э.и.к., доцент:

а) Ош облусунун чарбалык субъекттеринин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун уюштуруучулук-экономикалык механизмин сунуштапсынар, анын мазмуну кандай?

**Жооптор**:

а) Сунушталган уюштуруу-экономикалык механизм инвестицияларды, инновацияларды жана башка процесстерди активдештирүүгө жөндөмдүү, атаандаштыктын жана ишкердүүлүктүн өнүгүшүнө, илим менен бизнестин тыгыз өз ара аракеттенүүсүнө, ресурстарды натыйжалуу жана сарамжалдуу пайдаланууга көмөктөшөт.

**Талкуууга катышышты:**

**1. э.и.д. Карбекова А.Б. - Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун “Экономика, эсеп жана финансы” каф.профессору:**

Диссертациялык иштин темасы бүгүнкү күндө актуалдуу болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну изилдөөгө арналган.

Азыркы учурда өлкөбүздө айыл чарбасы калкты зарыл болгон сандагы жана сапаттагы продукциялар жана кайра иштетүү тармагын чийки заттар менен туруктуу камсыз кылууга багытталган экономиканын стратегиялык тармактарынан болуу менен бирге экпорттук мүмкүнчүлүгү бар тармак болуп саналат.

Айыл-чарба продукцияларын өндүрүүнүн көлөмүнүн көбөйгөнүнө карабастан өлкөнүн айыл-чарба продукцияларынын кээ бир түрлөрү боюнча жогорку импорттук көз карандылыгы сакталып келе жатат. Тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайынын ишканаларынын начар материалдык-техникалык базасы жана сактоо, транспорттонун жана тез бузулуучу сырье жана азык-түлүктү муздаткычтык кайра иштетүүнүн начар өнүккөн инфраструктурасы комплекстүү түрдө баштапкы сырьену кайра иштетүү жана сактоо үчүн оптималдуу шартты түзө албай жатат да, кошумча жоготууга, коопсуздукту жана сапаттын кыскаруусуна алып келүүдө.

Албетте бул көйгөйлөрдү чечүүдө айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн мамлекеттик жөнгө салуунун орду аябай чоң жана колдоого муктаж болуп жатат.

Бул шартта Шатманова Айжамал Суйналиевнанын айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн

жогорулатуу жолдорун изилдөөгө арналган диссертациялык иши экономикалык интеграция шартында актуалдуу болуу менен маанилүү теориялык-методологиялык жана практикалык мааниге ээ.

Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы катары теориялык жана практикалык изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн негизинде алынган жыйынтыктар эсептелет.

Диссертациялык иштин түзүмү изилдөөнүн максатына жана маселелерине туура келет жана киришүүдөн, 3 бөлүмдөн, корутундудан, практикалык сунуштардан жана колдонулган илимий адабияттардын тизмегинен турат.

Диссертациялык иштин темасы өзүнүн максатына жетүү менен экономикалык интеграция шартында айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу көйгөйүн чечүүнүн системалуу жолдору сунушталды. Артыкчылыгы катары 3-бөлүмдө экономикалык-математикалык методдорду колдонуу менен айыл-чарба продукциясынын кээ бир түрлөрү боюнча өндүрүү жана сатуунун оптимизациялоо жолдору каралып, 2030-жылга чейин прогноз жасалды жана жогорулатуу жолдору сунушталды.

Белгилеп кетчү нерсе, диссертациялык иште кээ бир стилистикалык жана грамматикалык каталар кездешет. Ошондой эле коншу өлкөлөр, Өзбекистан жана Таджикистандын айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуу боюнча дагы кээ бир жетишкендиктерин чагылдырып койсо болмок, диссертациянын практикалык баалуулугун күчөтүш керек.

Бирок бул белгиленген кемчиликтерге карабастан, диссертациялык иш өз алдынча бүткөн болуп эсептелет жана жогорудагыларды эске алуу менен Шатманова Айжамал Суйналиевнанын "Айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)" деген темадагы диссертациялык иши диссертациялык кенеште коргоого сунушталат.

2. **э.и.к. Сартбаева Г.П.- К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУнун "Экономика жана финансы" кафедрасынын доценти:**

Рецензент катары аткарылган иштин актуалдуулугун белгилеп, изденүүчүнүн иши статистикалык жана бул тармактагы ишканалардын бай материалдарына ээ экендигине, Ош облусунун айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча жасалган кылдат анализге жана ошону менен катар ал тармактардагы орун алган экономикалык көйгөйлөрдү чечүүнүн ынанымдуу жолдору сунушталганына токтолду. Баарынан дагы изденүүчүнүн ишинин мамлекеттик тилде жазылгандыгы чоң жетишкендик катары баалады. Жалпысынан изденүүчүнүн илимий ишинде каралган маселеси илимий деңгээли боюнча Улуттук Аттестациялык Комиссиясы тарабынан коюлган талаптарга толугу менен жооп бере тургандыгын жана мындан илимий иштин кийинки этаптарга кароого жолдомо жасоо керектигин сунуш кылды.

**3. Маткеримова А.М.- экономика илимдеринин доктору, "Бухгалтердик эсеп, талдоо жана аудит" кафедрасынын профессору:**

Диссертациялык иштин актулдуулугунда шек жок, себеби Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну изилдөө жана өнүктүрүү- изилдөөнү талап кылуучу жана өлкөбүздүн экономикасын өнүктүрүүнүн негизги багыттары болуп саналат.

Бул тармактын өнүктүрүүнүн көйгөйлөрү бүгүнкү күндө өтө актуалдуу көйгөйлөрдүн бири. Өз сөзүндө изилдөө талаптарга жооп берип жумуштун тутуму негизинен туура түзүлгөндүгүн белгиледи. Стратегиялык узак мөөнөттүү божомолдоо жүргүзүүдө методикалык сунуштар иштелип чыккан жана прогноздоонун варианты аткарылган. Автор тарабынын айрым теориялык түшүнүктөр терендетилип берилген. Ошону менен бирге автордун бөлүмдөр боюнча жыйынтыктаган теориялык жана методологиялык чечимдери так жана мазмундуу берилиши зарылчылыгын белгиледи.Биринчи бөлүмдү системага келтириш керек.Айрым фразалык кайталоолорду, грамматикалык кемчилдиктерди жоюуп, иштин көлөмүн азайтыш керек. ЕАЭБ өлкөлөрүнүн бул маселедеги абалын теренирээк кароо зарыл. Иште бөлүмдөрдүн өз ара байланышы сакталган жана ар бир бөлүмдө корутундулар жогорку денгээлде берилген. Буларды эске алуу менен жумушту андан кийинки этаптарына сунушту колдойм.

4. **Атаканов Б.К.- экономика илимдеринин кандидаты, “Экономика жана финансы” кафедрасынын доценти:**

Диссертациялык эмгекте Кыргыз Республикасынын Ош облусунун айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууну аныктоонун теориялык-методологиялык жана практикалык жолдору, теориялык жалпылоо жана комплекстүү анализдин негизинде агроресурстук потенциалын жогорулатуу жолдору, аймактарда бул тармакты өркүндөтүү максатында заманбап талаптарга жооп берген айыл-чарба кооперативдерин түзүү, аймактардын айыл-чарбасынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун негизги багыттары сунушталып аны өркүндөтүү терең изилденген.

Диссертациялык эмгекте илимий жетишендиктери менен бирге кемчиликтерин да белгилеп кетүү керек, алсак эмгектин көлөмүн азайтуу, сүрөттөрдү тартипке келтириш керек.

Сунуштарды колдойм. Негизинен изденүүчү жогорку деңгээлде ишти аткарган. Илимий иш теориялык жактан, методика тарабынан толук иштелген, мен дагы толугу менен бул кандидаттык диссертацияны коргоого татыктуу деп колдойм.

**5. Жанузаков Б.Ш.- экономика илимдеринин кандидаты, “Бухгалтердик эсеп, талдоо жана аудит” кафедрасынын доценти:**

Тема боюнча изилдөө жүргүзүшкөн ата-мекендик окумуштуулардын кошкон салымдарын кенири карап кетсе болот эле. Ал эми анализ жүргүзүүдө Ош облусунун райондору жана айыл аймактары боюнча салыштырмалуу анализ жүргүзсө жакшы болмок. Жалпысынан сунуштарды колдойм жана иш коргоого татыктуу деп эсептейм.

Талкуунун жүрүшүндө экономика илимдеринин кандидаттары, доценттер Торогелдиева А.Б., Ажиматова Н.М. өз ойлорун айтышып ишти коргоонун кийинки этаптарына сунуштоону колдошту.

**Угулду:** Токтомаматова Н.К. талкуунун катышуучуларын А.С.Шатманованын кандидаттык диссертациясын коргоонун кийинки этаптарына сунуштоосун белгилеп кетти.

"Экономика жана финансы" жана "Бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит", кафедраларынын катышуусу менен 2025-жылдын 28-апрелиндеги өткөрүлгөн кеңейтилген кеңешмеси күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап ачык добуш берүүнүн негизинде

**Т О К Т О М К Ы Л А Т :**

1. Шатманова Айжамал Суйналиевнага 08.00.06 – Улуттук жана региондук экономика адистиги боюнча кандидаттык илимий даражасын изденип алуу үчүн сунушталган "Айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)" деген аталыштагы кандидаттык иши айтылган сын-пикирлерди, сунуштарды жана каалоолорду эске алуу менен коргоого сунушталсын;
2. Шатманова Айжамал Суйналиевнанын "Айыл-чарба продукциясын өндүрүү жана сатуунун атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)" деген темадагы диссертациясын кароого кабыл алуу Диссертациялык кеңеште 08.00.06 – Улуттук жана региондук экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн сунушталсын;
3. 08.00.06 – Улуттук жана региондук экономика адистиги боюнча кандидаттык экзамендин программасы бекитилди.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:
Макул – 18, каршы – жок, калыс – жок.

**Кеңешменин төрагасы,**
**э.и.к., доцент:** **Токтомаматова Н.К.**

**Кеңешменин катчысы, э.и.к., доцент:** **Ажиматова Н.М.**

ЗАВЕРЯЮ
Н.К. Токтомаматовой, Н. Ажиматовой
20 г.